**«Бекитемин»**

Ош мамлекеттик университетинин
илимий иштер боюнча проректору
ф-м.и.к. ,доцент
_____________ Арапбаев Р.Н.
_____________ 2024 -жыл

## АКТ

Академик М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин бизнес информатика жана маалыматтык экономика кафедрасынын изденүүчүсү Атабаев Султанмахмут Конурбаевичтин «Болочок экономист-бакалаврларды даярдоодогу кесиптик математиканы окутуу технологиясын өркүндөтүү» деген темада 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика)адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөрдү белгилейт:

- болочок экономист-бакалавр студенттерине математика курсун окутууда, таанып-билүүчүлүк кызыгуусун калыптандыруунун илимий-практикалык негиздерин аныктоо
- болочок экономист-бакалаврларга кесибине багыттап математикалык билим берүүнүн мазмунун ,педагогикалык шарттарын аныктоо жана ал курсту окутуунун жаңы технологиясын түзүү
- изилдөөнүн натыйжалуулугун текшерүү үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү, жыйынтыгын математикалык статистикалык ыкмалары менен талдоо жана методикалык сунуштарды белгилөө.

Жалпы билим берүүнүн мазмунун жаңылоо менен экономист-бакалаврдын кесипкөйлүгүнүн жогорку деңгээлине жетишүү азыркы мезгилдин койгойлуу маселелери. Мындай жаңылоо окуу проблемасынын үч негизги аспектисин байланыштыруусу зарыл: биринчиси, анын максаттарына ылайык окуунун мазмунун калыптандыруу, экинчиси, математика курсун окутууда мотивацияны жогорулатуу, үчүнчүсү, окуу куралдарын жана аларды колдонуунун усулдарын иштеп чыгуу. Математика курсунун мазмунун иштеп чыгууда математика жана экономика боюнча сабактардагы өз ара предметтик байланыштар эске алынып, студенттердин ой-жүгүртүүсүн алардын таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү жана калыптандырууда бардык эле предметтерди окуудагы башкы максат экендиги жалпыланды. Математиканын спецификалык бөтөндүктөрүнө байланыштуу, анын башка предметтер менен болгон байланышы – теориянын турмуш, практика менен байланыш принцибинин негизгдери. Чындыгында, көрсөтүлгөн принцип студенттердин турмуштук тажрыйбасына таяныч болот. Математика өзүнчө илим, андан башка анын колдонмо, б.а. математикалык аппараттын дээрлик бардык илимдерге колдонулуу өзгөчөлүгү да белгиленди.

**Ишке ашыруунун эффектиси** :

**1.**Жогорку окуу жайларда экономист-бакалавр студенттеринин математика курсун кесипке багыттап окутуу .

**2.** Экономист-бакалавр багытындагы студенттерге математика курсун кесипке багыттап окутуунун принциптери, максаттары жана методикасы аныкталды.

**3**. Экономист-бакалавр студенттерине математика курсун кесипке багыттап окутууну ишке ашыруунун жолдору иштелип чыкты.

**4.** Предметтик компетенцияларды калыптандыруу деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрү, предмет аралык байланыштар иштелип чыкты.
**5. Ишке ашырууну колдонуу жери жана убактысы**: Ош мамлекеттик университетинин “ Бизнес жана менеджмент ” факультети 2021-2023- окуу жылдары.
**6. Ишке ашыруунун формасы**: Студенттердин математика курсун кесипке багыттап окутуунун усулдарын өнүктүрүү боюнча окуу-эксперименттик иштин модели иштелип, окуу программаларынын, сабактардын темаларын тандоо,окуу планына ылайык окутуунун уюштурууну пландоо ж.б аткарылды.

Ошондой эле кесипке багыттап окутууну изилдөө максатында студенттер тестирлөөдөн жана анкетирлөөдөн өткөрүлдү.Студенттердин предметтик компетенциясын калыптандыруу жана кесипке багыттап окутуу технологиясынын картасы түзүлдү. Түзүлгөн модел боюнча окутуунун технологиясын ишке ашыруунун жолдору жана предметтик деңгээлдери аныкталды. Комиссия С.К.Атабаевдин «Болочок экономист-бакалаваларды даярдоодогу кесиптик математиканы окутуу технологиясын өркүндөөтүү» аттуу дисертациялык изилдөөсү теория менен практика үчүн актуалдуу жана колдонууга ыңгайлуу экендиги аныкталды.

**Комиссиянын торагасы:**
Ош мамлекеттик университетинин
бизнес жана менеджмент факультетинин деканы
экономика илимдеринин кандидаты, доцент: **Исраилов Т. М.**

**Комиссиянын мүчөлөрү:**
Бизнес жана менеджмент факультетинин
окуу иштери боюнча декандын орун басары
экономика илимдеринин кандидаты, доцент: **Ташмурзаева Г.Т.**

Бизнес жана менеджмент факультетинин
бухалтердик эсен жана экономикалык анализ
кафедрасынын башчысы э.и.к., доцент: **Мырзаибраимова И.Р.**

Ош МУ
Тастыктаймын
20___ж. «____»__________
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.